
“Бекитемин”
№16 ОМ директордун
милдетин аткаруучу:
_______ Царенко С.В.

# Бишкек шаарынын Свердлов районундагы №16 орто мектебинин 2018-2019 – окуу жылында кыргыз тили жана адабияты (окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн) сабагынан аткарылган иштерге жылдык анализ – отчет



Бишкек 2019-ж

**Бишкек шаарынын Свердлов районундагы №16 орто мектебинин 2018-2019- окуу жылындагы кыргыз тили жана адабияты (окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн ) сабагынан аткарылган иштерге анализ-отчет**

№ 16 орто мектепте 2018-2019- окуу жылынын сентябрь айында 7 мугалим кыргыз тили жана адабиятынан окуу ишин башташты. 3 мугалим кыргыз тили жана адабият сабагынан кыргыз класстарга сабак беришет. Ал эми 4 мугалим окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарга кыргыз тил жана адабиятынан сабак беришет.

Кыргыз Республикасында 2014-2020 – жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасын ишке ашыруу, мамлекеттик тилдин статусун көтөрүү мыйзамын кабыл алгандыгын 29жылдыгы жана Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата жарыяланган “Тил жана Айтматов” үч айлыгына карата өтүүлүчү иш-чараларга №16 орто мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери ошондой эле педагогикалык жамааты тарабынан алгылыктуу иш-чаралар өткөрүлдү.

Бишкек шаарынын мэриясынын 23-сентябрь КР нын мамлекеттик тил күнү майрамына карата Мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмү тарабынан уюштурулган окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 10-11-класстарынын арасында “Бишкек шаарыбызды кантип өнүктүрөбүз? ” деген темада дил баяндар сынагында 11-а классынын окуучулары Калилов Бектурган жана Акиналиева Айдай жазышты. Жазуу иши районого тапшырылды.

**Мамлекеттик тил күнүнүн 29 жылдыгына жана Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата жарыяланган “Тил жана Айтматов” үч айлык пландын негизинде өтүлгөн иш чаранын отчету**

Жарыяланган жобого ылайык мектеп ичинде кыргыз тили жана адабияты кабинеттеринде бурчтар уюштурулду. 5-11 – класстар арасында Ч.Айтматов боюнча дубал гезиттер, кол өнөрчүлүк көргөзмөсү уюштурулду.

21-сентябрда Мамлекеттик тил күнүн 29 жылдыгына карата кыргыз тили мугалимдер тарабынан уюуштурулган“Улуттук тилим кыргыз – Аалам сүйгөн Чыңгыз” аттуу иш-чара жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Кечеге окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер катышышты.

Ч. Айтматовдун чыгармаларынан сахналаштырылган үзүндүлөр көрсөтүлүп, 11-класстын окуучулары “ Жамийла” повестинен үзүндү көрсөтүштү. “Кылым карытар бир күн” романынан 8-в класстын окуучулары Күрүчбекова Сезим жана Дадабаев Сардар “Маңкурт баянынан үзүндү” аткарышты. “Бетме - бет” чыгармасынан Ысмайыл менен Сейденин образын, 10-класстын окуучулары Алчекирова Касиет жана Туралиев Ырыскелди жогорку деңгээлде аткарышты.

“Ак кеме” чыгармасынан баланын образын мыкты чеберчиликте Абдрахманов Даниэл аткарды. Көркөм окуулар, слайддар көрсөтүлүп, дил баяндар

жазылды. Дилбаяндардын темасы - "Менин сүйүктүү жазуучум", Мен Жамийланын ордунда болсом .... , Чыгыштын чыгаан жазуучусу.
5-11 – класстар аралыгында график боюнча Ч. Айтматовдун чыгармаларынан кинотасма көрсөтүлдү.
5-6-класстар үчүн "Ак кеме" повести, 7-8 – класстарга "Эрте келген турналар", 9- класстарга "Саманчынын жолу", 10-11-класстар үчүн "Жамийла" повести көрсөтүлдү. Мектеп окуучулары куурчак театрга барышып, Ч.Айтматовдун "Чыпалак бала" спектаклин көрүштү.

"Тил жана Айтматов" үч айлыгына карата район аралык №67 гимназиясына 8-а классынын окуучусу Назарбекова Айжамал "Маш ботой" күүсүнө катышты. МТУ № 20 – мекемеси тарабынан уюштурулган Ааламдын алпы – Айтматов аттуу мектептер аралык кароо – сынакка "Чыңгыз- өчпөс жылдыз" – деген ат менен катыштып, 4-орунга ээ болдук.

4-декабрь "Манас" күнүнө карата Манас кыргыз рухунун туу чокусу аттуу иш-чаранын планы бекитилип 4- декабрь күнү өткөрүлдү.

Залдын ичи жазалгаланып,дубал газиттер, кол өнөрчүлүк көргөзмө уюштурулуп, 8-9-10-класстардын окуучулары," Манастын балалык чагынан " сахналаштырылган жогорку денгээлдеги үзүндү көрсөтүштү Андан тышкары "Жаш манасчылар" деген конкурс өткөрүлүп, 5-в классынын окуучусу Сүйүнбеков Эрбол акчалай байгеге ээ болду. Калган жаш манасчылар мактоо баракчасы менен сыйланды.

7-декабрь күнү график боюнча Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар боюнча 5-11-класстар арасында кол өнөрчүлүк көргөзмөсү уюштурулду.

Окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 7-а, 7-б, 7-в, 8-а тест жүргүзүлдү.
12-декабрда "Тил жана Айтматов" үч айлыгына карата өтүлгөн иш-чараны жыйынтыктоо максатында Ч.Айтматовдун "Каармандар сүйлөйт" - аттуу иш-чара өткөрүлдү. Залдар жасалгаланып, бурч уюштурулуп, Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча сүрөттөр илинди. Иш-чарага 5- 6-класстын окуучулары тарабынан Ч.Айтматовго арналган көркөм ырлар окулду. "Кылым карытар бир күн "- чыгармасынан үзүндү 7-класстын окуучулары Сомова Карина, Кубанова Мадина, Селина Ангелина айтып беришти. 8- в класстын окуучусу Түмөнбаева Гүлжан, 9-б класстын окуучусу Кайыпбеков Аман залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун учкул сөздөрүн айтышты.
11-б класстын окуучусу Эркинбек кызы Клара "Биринчи мугалим" повестинен Алтынайдын монологун айтты. Иш-чараны жыйынтыктап жатып, 8-в класстын окуучусу Бостонов Эрбол "Делбирим" повестиндеги "Ильястын ырын" жогорку деңгээлде аткарды. Ошондой эле мугалимдер райондук, шаардык мектептерде болуп жаткан иш чараларга активдүү катышышты.

**Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча январь айында иштелген иштерге аналитикалык аныктама**
2019- жылдын январь айында кыргыз тили кабинеттерин усулдук методикалык колдонмолор менен толуктоодо Ч.Айтматовдун 10 томдугу, "тесттик дисктер",

Кыргыз-тилин үйрөнөбүз", "Иш-кагаздарынын туура жазуу эрежелери" ж.б. китептер алынды.

2019-жылдын 9- январында шаардык семинардын программасына А. Токомбаев атындагы №24 мектеп – гимназиясына **"Окуу – тарбия процессинде интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен кыргыз тилин үйрөтүү "** боюнча мамлекеттик тилдин директордун орун басары Акылбекова М.Ш. семинардагы кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин усулдук темасына байланыштуу өтүлгөн ачык сабактарына катышып, кыргыз тилин өнүктүрүүдө андагы окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсү, сүйлөө кебин өстүрүүдө, этно-маданий түшүнүктөрдү калыптандырууда мугалимдер өзгөчө ыкмалары колдонуу менен өз тажырыйбалары менен тең бөлүштү.

2019-жылдын 10-11-январында **Кыргыз – Түрк "Манас" университети чет тилдер жогорку мектебинде семинар тренинг.**

Кыргыз тилин чет тил катары окутуу: жаңычылдыктар жана маселелер (Алтын көпүрө" окуу топтомунун мисалында )" аттуу семинар – тренинг өткөрүлдү. Семинар – тренингде №16 орто мектебинин кыргыз тили жана адабяты мугалими Качкымбаева А.М. катышып, сертификатка ээ болду. Тактап айтканда, Семинар – тренингдин программасындагы темалар:

1. Кыргыз тилинин координатору: Тойчу Үсөналиев

-Азыркы мезгилде тил окутуунун маселелери жана кыргыз тилин чет тил катары окутуунун таржымалы жөнүндө түшүндүрдү.

2. Окутуучу: Анара Юрүмез - Монолог жана диалог – оозеки кепти өстүрүүнүн негизги катары жөнүндө айтып берди.

Семинар-тренигдин программасы боюнча тегерек стол уюштуруп, уккан лекциялары жана "Алтын- көпүрө" окуу комплексинин медотикалык өзгөчөлүктөрү менен кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине айтып берди.

Жаш мугалимдер менен иш алып бааруда Качкымбаева А.М. январь айында Жаныбек кызы Елисанын сабагына катышып, кемчиликтери айтылып, сунуштар берилди. Завуч тарабынан 31.01.2019-жылы Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн кл 5-11-кл. чейин журнал текшерилди.

**Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча февраль айында иштелген иштерге аналитикалык аныктама**

Мектеп ичинде ички көзөмөл жүргүзүүдө 2019- жылдын февраль айында окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлөн 7-8-класстарынын аралыгында кыргыз тили жана адабияты боюнча билим кесилишин текшерүү иши алынды.

Мугалими: Качкымбаева А.М.

7-а/о кл. билим сапаты, 37%жетишүүсү -93%

7-б/о кл. билим сапаты, 35%жетишүүсү -76%

7-в/к кл. билим сапаты, 42%жетишүүсү -93%

8-в/к кл. билим сапаты, 44%жетишүүсү -91%

8-а/о кл. билим сапаты, 40%жетишүүсү -93%

Мугалими: Тыналиева М.А.

7-а/о кл. билим сапаты, 35%жетишүүсү -85%

7-б/о кл. билим сапаты, 25%жетишүүсү -56%

8-а/о кл. билим сапаты, 35%жетишүүсү -64%

Мугалими: Жаныбек кызы Елиса
11-б/о кл. билим сапаты, 41%жетишүүсү -74%

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстардан 6-класстар боюнча баяндама алынды: Билим сапаты 61% жетишүүсү – 88%
9,10, 11-класстардан жат жазуу алынды.
Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 11-а класстардан тест алынды:
11 а/о кл. билим сапаты -38%, жетишүүсү – 100%

Завуч тарабынан 2-4 башталгыч класстардын №1, 3 дептерлери текшерилди.

21-февраль –Эл аралык эне тил күнүнө карата түзүлгөн пландын негизинде зал жасалгаланып, дубал газеталар илинди. Окуучулар кол эмгегинен жасалган улуттук буюмдардын бурчу уюштурулду. Ошондой эле класс жетекчилер жана кыргыз тилчи мугалимдер эне тил күнүнө карата класстык сааттар өткөрүлдү. “Тил- достуктун ачкычы ” Көп улуттардын достугу”, Тил –улуттун байлыгы.

**Фестивалдын жүрүшү:**

Көп улуттуу Кыргызстандыктардын эне тилин, маданиятын сактоо жана улуттар аралык ынтымакты бекемдөө максатында 21-февраль-Эне тил күнүнө карата “Тил –улуттун байлыгы “ аттуу фестиваль өткөрүлдү. Фестивалдын жүрүшү:

5-6 класстар улуттук тамак-ашын жасашты. Ал эми 7-класстар ар улуттун дубал газетасын чыгарышты.

8-в/к класс – өзбек улуту, 8-а,б /о кл. – түрк улуту,9-а,б- татар улуту, 10а/о 11- а /о - орус улуту, -10-б, 11-б кыргыз улуту ,11
Жооптуу: Акылбекова М.Ш.

Кыргыз өзбек, орус , татар , түрк улуттарынын даам- татымын , улуттук кийимин , каада-салтын көрсөтүштү. Ар бир класс өзүнө бөлүнгөн улуттун тилинде саламдашууларды айтып, даңазалап , жактап чыгышты. Слайд аркылуу маданиятын , каада-салтын , улуттук кийимдерин көрсөтүшүп, маалымат беришти. Ар бир класс улуттук бийин бийлешти.

План боюнча башталгыч класстардын 25.02.-1.03 чейин декадасы өтүлдү. Ар бир предметтин мугалимдери башталгыч класстардын ачык сабактарына катышып,сабактар жогорку деңгээлде өткондүктөн , мугалимдер өздөздөрүнө тажырыйба топтошту.

## Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча март айында иштелген иштерге аналитикалык аныктама

5-11 – класстар арасында 3-март Туу күнүнө жана 5-март

...калпак күнүнө карата класстык сааттар өтүлдү. " (Ак калпак - кыргыз сыймыгы) ...деген темада. Туу күнүнө карата салтанаттуу линейка өтүлдү.

**12 - март орус тилдүү жана кыргыз тилдүү 9а,б,в- класстар аралыгында билим кесилиштер алынды.**
**Свердлов районунун № 16 орто мектебинин кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 9-в классынын окуучуларынын кыргыз тили, адабиятынан билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгына маалымкат 12.03.2019-ж**
**Окуткан мугалими: Акылбекова М.Ш. жана Жаныбек кызы Елиса**

Кыргыз тилинде окутулган 9-в класстарынын билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгына анализ:
Окуучунун саны-29
Жазганы -27
Жазбаганы -2
"5"- 5, "4"- 7, "3"- 12, "2"- 2
**Билим сапаты - 44% жетишүүсү- 92% жетишпөөсү - 8%**
Кыргыз тилинен 9- в классына "Дос тандоо жөнүндө " деген темадагы текстти жазууда катар келген үндүү жана үнсүз тыбыштардан кетирлген каталар: Мисалы: дөөлөтү – дөөлөттүү, аракетенбе – аракеттенбе;
б-п тыбыштарынын жазылышынан кетирилген кталар: Мисалы: достошбо – достошпо, кетбейт-кетпейт

Окуучулар тапшырманы аткарууда көпчүлүгү синтаксисттик талдоону туура эмес талдашкан

**Орус тилинде окутулган 9-а,б класстарынын билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгына анализ:**
Окуучунун саны - 25 Жазганы - 25 Жазбаганы - 0
"5"- 2 , "4"- 8 , "3"- 13 , "2"- 2
**Билим сапаты - 40% жетишүүсү- 92% жетишпөөсү - 8%**
Кыргыз тилинен 9- а классына " Улак тартыш " деген темадагы текстти жазууда катар келген үндүү жана үнсүз тыбыштардан кетирлген каталар: Мисалы: дөөлөтү – дөөлөттүү, аракетенбе – аракеттенбе;
б-п тыбыштарынын жазылышынан кетирилген кталар: Мисалы: достошбо – достошпо, кетбейт-кетпейт

Кыргыз тилинен 9- б классына " Улак тартыш " деген темадагы текстти жазууда катар келген үндүү жана үнсүз тыбыштардан кетирлген каталар: Мисалы: дөөлөтү – дөөлөттүү, аракетенбе – аракеттенбе;
б-п тыбыштарынын жазылышынан кетирилген кталар: Мисалы: достошбо – достошпо, кетбейт-кетпейт
Окуучунун саны - 22 Жазганы - 20 Жазбаганы - 2
"5"- 2 , "4"-6 , "3"- 11, "2"- 1

сапаты - 40% жетишүүсү- 95% жетишпөөсү - 5%**

Окуучулар тапшырманы аткарууда көпчүлүгү синтаксисттик талдоону туура эмес талдашкан
№ 16 орто мектептин 6-в класс кыргыз тилдүү классынын окуучулары
Балдар FM радиосуна барышып, викториналык суроолоруна, тапшырмаларына туура жана так жооп беришип 1-орунга ээ болушту. Окучуулардын аты-жөнү: Азизбекова Акмарал, Көкүмбаев Иляс, Жанышбеков Ислам, Аскарбекова Диана, Көбөгөнова Ханзаада
Топтун аты -“Мурас” тобу жооптуу мугалим: Нуранова К.Ж.
. №16 – орто мектеп -1-орун
№53 орто мектеби -2-орунга ээ болушту.

**13- март Декаданын ачылышы.** Чакан концерт уюштурулду. Залдар жасалгаланып, бурч уюштурулуп, дубал газеталар илинди. Иш-чарага
4-10класстын окуучулары катышышты. “Тил –улуттун сыймыгы”атуу иш чарада слайддар көрсөтүлүп, тил жөнүндө макалдар айтылды көркөм ырлар окулду. Манас айтуу ,комуз күүсү ыр, бий –көрсөтүлдү.7-в класстын окуучулардын аткаруусунда Тил жөнүндө сценка көрсөтүлдү (Дүйнөдө эмне таттуу жана эмне ачуу)
10-б класстын окуучулары Самыйбек кызы Айжаркын Бекболотова Кыял “Эне тилин сүйбөгөн - элин сүйүп жарытпайт” аттуу обондуу ырды комуз менен жогорку деңгээлде аткарышты.

Кыргыз тили жана адабияты предметтери боюнча 15-мартта өтүлүүчү декаданын графиги
**Кыргыз тили жана адабияты мугалими: Тезекбаева К.Ш.**
**15.03.2019-жыл**
3-г классына өтүлгөн ачык сабактын темасы: “Театрда” Мугалим сабагында интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын кызыгуусун арттырды. Окуучулар топторго бөлүнүп иштешти. Булумдун токсаманиясын колдонуу менен сабак жогорку деңгээлде өтүлдү. Мугалимдин сөзү так жана түшүнүктүү болгондуктан окуучулар суроо- жоопторго туура жана так жооп берип жатышты. Мугалимдин сабагы өз максатына жетти.

**Кыргыз тили жана адабияты мугалими: Качкымбаева Асел**
**15.03.2019-жыл**

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 11-а классына өтүлгөн ачык сабактын темасы: “Т.Кожомбердиевдин “Эне жүрөгү”поэмасы

Мугалим сабагында окуучуларга жагымдуу маанай түзүү менен бири-бирине жакшы калооо - тилектерин айттырды. Сабакта слайддар, сүрөттөр, видео роликтер көрсөтүлүп көрсөтмөлүү өтүлдү. Эне жүрөгү поэмасын алгач окуучулар көркөм окушту. Окуучулар “Эне жүрөгү” поэмасынын идеясын ачып берүүдө өз ойлорун эркин айтып, талкуулашты. Окуучулар кластер, синквейиндер түзүшүп, өз тобун коргоп беришти. Сабак жогорку деңгээлде өтүлүп, өз максатына жетти.

**Кыргыз тили жан  адабияты мугалими: Нуранова Кайыргүл**
**15.03.2019-жыл**

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн   4-а классына өтүлгөн  ачык сабактын темасы: "Соң- Көл" Мугалим сабагында окуучуларга алтын эрежени колдонууда макал-лакаптар менен байланыштырды.   Окуучуларды топторго бөлүп бири-бирине  жагымдуу маанай тартуулап, белек берүүдөн башташты.  Венндин диаграммасы, слайд, сүрөт колдонду.  Окуучулар текст менен иштешип, сүйлөм түзүштү .   Окуучулар алган билимин сүрөт аркылуу бышыктап бере алышты. Сабак өз максатына жетти.

**Кыргыз тили жан  адабияты мугалими: Жаныбек кызы Елиса**
**15.03.2019-жыл**

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн   6-а классына өтүлгөн  ачык сабактын темасы: "Азык-түлүк  дүкөнү"

Мугалим сабагында окуучуларды эки топко бөлүп өтүү менен иштешти. Окуучуларды текст менен тааныштырып жаңы сөздөрдүн үстүндө иштеп которушту. Эки топ тең  "Азык-түлүк дүкөнү" текстине  диалог түзүштү .  Берилген сүйлөмдөрдү ирети менен жайгаштырып, дептерге иштешти.   Окуучулар текст менен иштешип, сүйлөм түзүштү .   Каталардын үстүндө слайд аркылуу кайтарым иретинде текшерилди. Сабак өз максатына жетти.

**Кыргыз тили жан  адабияты мугалими: Тыналиева М**
15.03.2019-жыл
Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн   7-а классына өтүлгөн  ачык
сабактын темасы: "Эрте келген турналар" повестинин согуш темасын чагылдыруу.

**19.03.19.Кыргыз тили жана адабияты тарабынан уюштурулган "Нооруз көктөм майрам" – аттуу иш –чаранын өткөрүү менен декаданын жабылышы болду.**  Бурч көргөзмөсүн уюштурулду.  Нооруз – көктөм майрамы " концерттик кече өткөрүлдү. Нооруз майрам жонундо ырлар
Нооруз майрам күнүнө карата дубал-газеталар чыгарылды.
Тушоо кесүү салты көрсөтүлдү.

**20.03.19.**  №16-орто мектеби,  №69 МГсы  жана Ленин районуна караштуу №80- орто мектеп аралыгында уюштурулган  балдар FM радиосунда "Президент сүйлөйт" аттуу таймаш өткөрүлдү. Бул таймашта №16-орто мектептен 11-б класстын окуучусу Кубаныч кызы Айжан 1-орунга ээ болду. №69 МГ -2-орунга ээ болду. №80- орто мектеби 3-орунга ээ болду.

**25.03.19** Свердлов районуна караштуу №53 ЖОББМ Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн шаардык семинарды программасы  Кыргыз тили предметин жаңы стандарттын негизинде окутуунун айрым маселелери жөнүндөгү семинарга катыштык.

**30. 04.19.** "Мугалим – коомдун күзгүсү-2019-жылдын 30 мартында "Региондорду өнүктүрүү жана санаптириштирүү" жылына    "Мугалим" илимий –педагогикалык

журналынын 5 жылдыгына арналып өтө турган " Мугалим коомдун күзгүсү-2019"республикалык кароо- сынагына кыргыз тили жана адабияты мугалими Качкымбаева Асель барып күбө болуп келди. Өтүүчү жай КР нын Балдардын жана өспүрүмдөрдүн улуттук "Сейтек" борборунда болду. Ж.Баласагын атындагы КУУнун педагогикалык факультетинин деканы "Мугалим илимий – педагогикалык журналынын башкы редактору" Рахат Сулайманова ачты. 7 облусунун мыкты мугалимдери өз чыгармачылыгын көрсөтүштү.

Апрель айы ичинде окуу программасын аткарышын көзөмөлдөө жүргүзүлдү. 10-15 –апрелде ички көзөмөл жүргүзүлүп өз ара сабакка катышуу боюнча жыйынтык чыгарылды.

7-апрель элдик революция күнүнө карата баатырларды эскерүү боюнча класс жетекчилер класстык саат өткөрүлдү. 15-17 апрелге чейин кыргыз тили боюнча көчүрүү экзамендерине 5 -6 -7-8-10- класстар үчүн даярдык көрүү.

Май айында белгиленген пландын негизинде 5-май Конституция күнүн, 9-май күнүнө карата "Эч ким, эч качан унутулбайт" атуу чакан иш –чара өткөрүлдү. Кыргыз тили боюнча окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 27-30-майда көчүрүү экзамендер болуп төмөндөгүдөй жыйынтыктар көрсөтүлдү.

5а – 14 окуучу 5б-16 окуучу , 6-а – 9 окуучу, 6-б – 12 окуучу, 7-а – 12 окуучу, 7-б – 11 окуучу, 8-а – 10 окуучу, 8-б -11 окуучу, 10 а - 6 окуучу катышышты, күзгү сыноого жана ордунан калган окуучулар жок. Жат жазуу иши өз убагында өткөрүлүп анын жыйынтыгы боюнча отчет берилди.

Мамлекеттик бүтүрүү экзаминине даярдык көрүлүп, консультациялар өз убагында өтүлдү. Экзамендин жүгүртмөсү( расписаниясы) түзүлдү. 2018-2019-окуу жылында окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 9-11-класстар үчүн берилген комплекстүү тесттик тапшырмалар окуучуларга кыйынчылык жараткан жок. Көпчүлүк окуучулар "жакшы" деген баага ээ болушту. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 9-класстын окуучулары дил баяндын элементтерин камтыган баяндама жазууда кээ бир окуучулар канаатандырылык баа алышты. 11-класстын окуучулары эссе жазууда көпчүлүгү эссенин түзүмү, логика-гу, ойду баяндоо ыратт-гу жана текстин түйүндүү көйгөйүн аныктоодо өзүнүн жеке пикирин, көз карашын турмуштук тажрый-га таянуу менен аргументештирип өз ойлорун жаза алышкан.

Директордун милдетин аткаруучу: С.В. Царенко

Мамлекеттик тил боюнча орун басары: М.Ш. Акылбекова